**Ош мамлекеттик университетинин студенттерин практикадан өткөрүү боюнча**

**К Е Л И Ш И М**

Ош шаары "____" 15-январь 2025 ж.

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К. Г. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Ч.П. Апиров мекемесинин жетекчиси А.А. Орунбаевич. ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Факультет, колледж студенттерди адистикке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен бирге уюштуруп өткөрөт;

1.6. Мекеме ишканалар менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат.

**2. "Мекеме" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенттерине практикадан өтүү үчүн календарлык планга ылайык 4 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

Scanned with CamScanner

2.5. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек укуктук ченем актыларын эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Окуу - таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан “ОшМУ” экинчи тараптан “Мекеме” кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 20 25 - жылдын январь 2029 -жылдын январь айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири “ОшМУда” экинчиси “Мекемеде” сакталат.

| | |
|---|---|
| Ош мамлекеттик университети | Тараптардын дареги |
| 723510 Ош шаары Ленин көч.331 | Ч.П. Апиров. |
| ИНН 0207199610017 | Ош шаары |
| **ОшМУнун ректору,** | Бөрүбаева 4.16 |
| **профессор К. Г. Кожобеков** | |